*Аттокурова А.Дж.*
*Ошский Государственный Университет*

# ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮДӨ КРЕДИТ СИСТЕМАСЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

# ОСОБЕННОСТИ КРЕДИТНОЙ ТЕХНОЛОГИИ В ВЫСШЕМ ПРОФЕССИОНАЛЬНОМ ОБРАЗОВАНИИ

*Attokurova A.Dj.*

# FEATURES CREDIT SYSTEM IN HIGHER PROFESSIONAL EDUCATION

***Аннотация :*** *Макалада жогорку кесиптик билим берүүдө кредиттик системанын кийирилишинин аргументтери, кредиттик технология жана анын максаты, мүнөздүү белгилери, артыкчылыктары жана кемчилдиктери, кредиттик системада окуу процессин уюштуруу маселелери каралып кредит, студенттин окуу жүктөмү дисциплинага бөлүнгөн кредит, кредит-саат, ECTS кредиттер системасы, бакалавр, магистр, зачеттук бирдик (кредит) түшүнүктөрү ачыкталат. Окутуунун кредит системасынын мааниси жана алдыдагы милдеттер коюлат.*

***Аннотация:*** *В данной статье рассматривается аргументы введения кредитной системы, кредитная технология и ее цель, характерные признаки, преимущества и недостатки, задачи организации учебного процесса в кредитной системе, раскрываются такие понятия, как кредит, трудоемкость студента, кредит на дисциплину, кредит-час, система кредитов ECTS, бакалавр, магистр, зачетная единица (кредит). Указывается значение кредитной системы и предстоящая задача.*

***Annotation:*** *This article examines the arguments of the introduction of the credit system, credit technology and its purpose, features, advantages and disadvantages, eadachi organization of educational process in the credit system, disclosed concepts such as credit, the complexity of the student loan for the discipline, the credit-hour system of credits ECTS, bachelor, master, credits (loans). It specifies the value of the credit system and the challenges ahead.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *окутуунун кредиттик технологиясы, студенттин эмгек сыйымдуулугу, кредит, дисциплинага бөлүнгөн кредит, кредит-саат, ECTS кредиттер системасы, бакалавр, магистр, зачеттук бирдик (кредит)*

***Ключевые слова:*** *кредитная технология обучения, трудоемкость студента, кредит, кредит на дисциплину, кредит-час, система кредитов ECTS, бакалавр, магистр, зачетная единица (кредит)*

***Key words:*** *credit education technology, the complexity of the student loan, credit, credit for the discipline, credit-hour, credit system ECTS, Bachelor, Master, credits (loans)*

Кыргыз Республикасында жогорку кесиптик билим берүү системасы дүйнөлүк ааламдашуу жана маалыматташтыруу процессине шайкеш өнүгүү жолуна түштү. 2011-жылы Өкмөттүк деңгээлде эки баскычтуу жогорку кесиптик билим берүү системасына өтүү боюнча чечим кабыл алынган. Жогорку кесиптик билим берүүнүн эки баскычтуу системасына өтүү, жаңы муундагы билим берүү стандарттары, окутуунун кредиттик системасынын кийрилиши Кыргызстандын ЖОЖдорунун арасында студенттердин жана окутуучулардын мобилдүүлүгүн ишке ашырууга мүмкүнчүлүк түзүп демократиялык коомдун өнүгүү принциптерин бекемдейт.

Кыргыз Республикасында жогорку кесиптик билим берүүнү реформалоонун негизги багыты болуп билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, анын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу жана орто жана жогорку мектептерди европалык системага интеграциялоо эсептелет. Европалык бирдиктүү билим берүү мейкиндигинде түрдүү өлкөлөрдүн жана алардын орто жана жогорку кесиптик мектептеринин билим берүү практикасы бири-бирине карата ачык жана түшүнүктүү жана бул жагдай дүйнөлүк глобализация жана интеграция процесстеринин талаптарына ылайык келет.

Кыргызстанда окутуунун кредит системасынын кийрилишинин бир катар аргументтери бар:

- билим берүүнүн сапатын жогорулатуу;
- эмгек рыногунун талаптарынын күчөтүлүшү;
- Болонь процессине кошулуу;

- КРнын жогорку мектебин жалпы европалык системага интеграциялоо жана билим берүү кызматынын дүйнөлүк рыногуна катышуу;
- кесиптик билим берүүнүн көп деңгээлдүү системасын түзүү.
- студенттик мобилдүүлүктү камсыз кылуу.

Учурда орто жана жогорку кесиптик мектептерде окутуунун кредит системасын кийрүүнүн алкагында окуу пландары кредиттерди пайдалануу менен иштелип чыкты, тандоо курсу боюнча дисциплинаны жана окутуучуну студенттер өздөрү аныкташат. Билимдерди баалоонун модулдук-рейтингдик системасында учурдагы, аралыктагы жана жыйынтыктоочу текшерүүлөр өткөрүлүп жатат. Студенттер үчүн окуу-методикалык камсыздалыштар (окуу-методикалык комплекс, силлабус, маалыматтык пакет ж.б.) түзүлүп студентке багытталган окутуу кубатталып жатат. Ушуга карабастан учурда кредиттик системаны толук ишке ашыруу боюнча көп милдеттер турат.

Окутуунун кредиттик технологиясы – бул студенттин дисциплиналарды жана аны окуп үйрөнүү удаалаштыгын өз алдынча аныктоосуна негизделген окутуу жана ал төмөнкү максаттарды көздөйт:

- Билим берүү процессинин субъекттеринин академиялык мобилдүүлүгүн камсыз кылуу;
- Билимдердин көлөмүн унификациялоо;
- Окутууну максималдуу жекелештирүү;
- Студенттин өз алдынча ишинин ролун күчөтүү.

Окутуунун кредиттик системасында студенттин жана окутуучунун окуу иштеринин жүктөмү окутулуучу материалдын көлөмүн мүнөздөөчү унифицирленген бирдик кредит менен ченелет.

Студенттин окуу жүктөмү - бул пландалган окуу иш-аракетинин бардык түрлөрүн: сабактарга катышуу, өз алдынча иштерди аткаруу, проекттерди, квалификациялык жумуштарды даярдоо, экзамендерди тапшыруу ж.б. үчүн сарпталуучу реалдуу убакыт.

Credit – амер. зачет; окуу жайында тигил же бул курстан өткөндүгү боюнча тастыктама деп которулат [6].

Кредит (Credit, Credit-hour) – билим алуучу/окутуучунун окуу иштеринин көлөмүн өлчөөнүн унификациялык бирдиги.

Дисциплинага бөлүнгөн кредит – ЖОЖдо академиялык окууну толук аяктоо үчүн иштин жалпы көлөмүнө карата дисциплинанын үстүнөн жүргүзүлүүчү зарыл жумуштардын көлөмү, б.а. лекциялар, практикалар, семинарлар, студенттин өз алдынча иштери, билимди текшерүүнүн формалары.

Бир кредит-саат эмнени өлчөйт? Кредит-саат дисциплинага сарпталуучу убакытты көрсөтүп, окутуу убактысына негизделген чен болот.

Бир кредиттин сандык мааниси – бул узактыгы 15 жума болгон академиялык мезгил ичинде билим алуучунун жумасына 1 академиялык саат контакттык жумушуна барабар. Ошондуктан “наркы” 2 кредит болгон дисциплина бакалавриатта жумасына 2 саат көлөмдө расписаниеге коюлушу керек.

1 кредит (аудиториялык сабактар + студенттин өз алдынча иштери,) 30 саатка барабар жана ал шарттуу түрдө үчкө бөлүнөт: контакттык сааттар, контакттык эмес сааттар, баалоочу сааттар. Студент менен окутуучунун дисциплина боюнча аудиторияда окуп-үйрөнүүгө кетирген убактысы контакттык саатты түзөт. Ал эми студенттин өз алдынча иштөөсү, курстук иш, квалификациялык иштер боюнча аткарылуучу тапшырмаларды аткарууга кеткен убактысы ж.б. контакттык эмес сааттын көлөмүн түзөт. Баалоочу сааттарга консультация, студенттин билимин текшерүүгө (учурдагы, аралыктагы жана жыйынтыктоочу текшерүү) кеткен убакыт кирет [2]. Мында 1 академиялык контакттык саат билим алуучунун 1 саат өз алдынча иши (окуу колдонмолору менен иштөө, үй тапшырмаларын аткаруу, изилдөө иштерин жүргүзүү, окутуучу менен иштөө) менен коштолот.

Окутуунун кредиттик системасынын мүнөздүү белгилери кайсылар?

Окуу планынын ар бир дисциплинасы боюнча билим алуучулардын жана окутуучулардын окуу жүктөмүн кредиттер менен өлчөнөт;

Окуу процессинин уюштурулушу бардык студенттер үчүн бирдей эмес;

Студент жекече окуу планын түзүүгө өзү катышат;

Студенттер тандоо курсу боюнча окуу дисциплиналарын жана окутуучуларды тандоо эркиндигине ээ;

Атайын академиялык кызматтар түзүлөт: каттоочунун офиси, эдвайзерлер, тьюторлор;

Окуу процесси жогорку деңгээлде окуу-методикалык жана маалыматтык-техникалык жактан камсыздалат;

Билимдерди баалоонун баллдык-рейтингдик системасы кийрилет.

Кредиттер качан гана студент сынакты же окутуунун натыйжаларын текшерүүнүн башка формасын ийгиликтүү тапшыргандан кийин менчиктелет, мында дисциплинаны өздөштүрүү лекция, практикалык сабактар, семинарларга катышуу жана өз алдынча ишти (лабораторияда, китепканада же үйдө) аткарууну өз ичине алат.

Азыркы учурда жогорку билим берүүнүн дүйнөлүк системасында зачеттук бирдиктердин (кредиттердин) көбүрөөк колдонулуп жаткан системалары:

- ECTS - европалык система;
- USCS - америкалык система;
- CATS - британиялык система;
- UMAP -Азиядагы жанаТынч океандын бассейниндеги өлкөлөрдүн системасы.

Болонь процессине катышуучу өлкөлөр, анын ичинде КР, үчүн ECTS - кредиттерди которуунун жана чогултуунун европалык системасы сунушталган [1].

ECTS (*European Credit Transfer and Accumulation System – Европейская система перевода и накопления кредитов*) же кредиттерди которуунун жана чогултуунун европалык системасы – бул окутуунун зарыл натыйжаларын камсыз кылуучу окуу жүктөмүнө негизделген система. ECTS кредиттер системасы студентке бекитилген график боюнча эмес, кредиттерди удам топтоо менен өзүнүн финансылык мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык окууга шарт түзөт.

ECTS боюнча 60 кредит бир окуу жылында студенттин толук окуу жүктөмүнө туура келет.

ECTS системасынын иштөө механизми 3 негизги элементтен турат: маалыматтык пакет; окутуу үчүн келишим (ЖОЖ менен студенттин арасында); билимдердин бааланышынын регистрациясы.

ECTS төмөнкү кадамдарда ишке ашат:

Ар бир дисциплина же модуль анык жүктөмгө ээ болгон модулдук система кийрилет. Бул системада дисциплина же модулдун милдеттери, күтүлүүчү натыйжалар, аларга жетүү үчүн орто студент жумшоого зарыл болгон убакыт аныкталышы керек;

Ар бир модуль же дисциплина үчүн окутуунун белгилүү формалары аныкталат. Окутуучу кайсы формалар кандай өлчөмдө окуу жүктөмүн түзө тургандыгын аныкташы керек;

Студенттерге сунушталган окуу жүктөмүнүн аткарылышын дайыма текшерүү;

Окуу жүктөмүн эсепке алууну жана окутуунун формаларын өркүндөтүү;

Модуль/дисциплинаны өздөштүрүүнү баалоонун традициялуу методу болуп сабактын жүрүшүндө же курстун аягында студенттерди сурамжылоо эсептелет. ECTSте кредиттер белгилүү окуу ишин аткаруу менен студент жетишкен окуу натыйжалары баалангандан кийин менчиктелет.

Европада студенттин окуу жүктөмү эреже катары 1500 дөн 1800 саатка чейин болуп академиялык сааттардын жылдык топтомун түзөт, бул өз кезегинде 1 кредиттин жакындаштырылган «наркы» окуу жүктөмүнүн 25-30 академиялык саатына барабар экендигин билдирет. Ал эми окуу саатынын узактыгы 50-60 минутаны түзөт.

ECTS кредиттери окуу модулуна (дисциплинага) жылдык окуу жүктөмүнүн канча үлүшү туура келишин көрсөтөт. Адатта окуу жылында окуу процесси семестрлер (жылына 2 сессия) же триместрлер (жылына 3 сессия) боюнча уюштурулат. ECTS системасында жылдык окуу жүктөмү 60 кредит, бир семестрге 30 кредит, триместрге – 20 кредит туура келет. Бир семестр 15-18 жума, триместр – 10-12 жумага созулуп, окуу сабактарына, практикага, сессияга, мамлекеттик аттестацияга бөлүштүрүлөт.

КРнын 2003-ж. 30-апрелиндеги “Билим берүү жөнүндө” Законунда бакалавр квалификациясы базалык жогорку кесиптик билим берүүнүн магистратурага тапшырууга жана кесиптик ишмердүүлүк менен алектенүүгө укук берүүчү академиялык даражасы жана магистр квалификациясы толук жогорку кесиптик билим берүүнүн аспирантурага тапшырууга жана кесиптик ишмердүүлүк менен алектенүүгө укук берүүчү академиялык даражасы катары аныкталган [5].

Бакалавриаттын программасы боюнча 4 жыл ичинде 240 кредит топтоо керек (60х4=240). Ал эми магистрдик программа боюнча1,5-2 жылда 90-120 кредит топтолушу керек. Студенттин статусу ЖОЖдо өткөрүлгөн жылдар менен эмес, топтолгон кредиттер менен аныкталат [1].

Зачеттук бирдик (кредит) – негизги кесиптик билим берүү программасынын эмгек сыйымдуулугунун шарттуу өлчөмү [4].

ECTS системасында 1 зачеттук бирдиктин мазмундук түзүүчүлөрү (бакалавриат) төмөнкүлөр: Аудиториялык иш: өз алдынча иш = 1:1. Мисалы: 1 з.б. (кредит) = 1 саат*15 жума+15 саат (өз алдынча иш) = 30 саат.

Окутуунун кредит системасын талдоо аркылуу анын бир катар артыкчылыктарын:

- колдонууга жөнөкөй;
- окуу процессин демократиялык башкаруу ;
- билим алуучулардын кызыкчылыктарынын жана керектөөлөрүнүн максималдуу эске алынышы;
- ЖОЖдордун жана билим алуучулардын академиялык эркиндиги;
- билим алуучулардын академиялык мобилдүүлүгү;
- билимдерди текшерүүнүн ар кандай түрлөрүнүн кийрилиши;
- жана кемчилдиктерин:
- удаалаштык сакталбаган, б.а. вариативдүүлүгү, көп факторлордон көз каранды болушу;
- окуу процессин пландаштыруу кыйын;

- окутуунун бирдиктүү мөөнөтү жок;
- анык эместик, б.а. дисциплиналарды жана окутуучуларды тандоо принциби;
- окутуунун максаттарына туура келбестик, б.а. окутуу менен анын наркы теңдештирилген;
- ажыратууга болот.

Жалпысынан кредиттик системада окуу процессин уюштурууда төмөнкү жагдайлар эске алынууга тийиш:

- студенттер жекече окуу пландарын өздөрү түзүшөт;
- ар бир студенттин окуу дисциплиналарынын саны ар кандай болушу мүмкүн;
- ар бир конкреттүү дисциплинаны өздөштүрүүчү студенттердин түрдүү контингенти түзүлөт;
- окутуу процесси сыяктуу эле студенттердин окуу жетишкендиктерин текшерүүгө өзгөчө маани берилет;
- “окутуу” форматынан «окуп үйрөнүү» форматына өтүлөт;
- өз алдынча иш бөлүгү көбөйөт;
- окутуунун борборунда студент турат.

Окутуунун кредит системасынын мааниси эмнеде? Ар бир мамлекет дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине кредиттик системаны колдонуу аркылуу кире алат. Билим берүү кызматынын дүйнөлүк рыногуна катышуу үчүн кредиттик системаны кабыл алып чет элдик өнөктөштөр үчүн түшүнүктүү болгон билим берүүнүн түрдүү формаларын жана деңгээлдерин сунуштай алуу керек. Мындай шартта башка мамлекеттердин кредиттик системасын түздөн-түз көчүрүп алуу максатка ылайыксыз. Мамлекет өзүнүн өзгөчөлүгүнө жараша өздүк кредит технологиясын иштеп чыгышы мүмкүн.

**Адабияттар:**


1. Абдулдаев Д.А., Дюшеева Н.К., Токтосопиев А.М. Болонский процесс и кредитная технология ECTS в вузах Кыргызской Республики: Учебно-метод.пособие. /Ысык.гос.ун-т им. К.Тыныстанова. – Каракол: 2007. – 64 с.
2. Абдрашев А.Б., Алыбаев К.С., Ажыбаева З.А. Билим берүүдөгү кредиттик системаны уюштуруу маселелери /Жалал-Абад мамлекеттик университетинин жарчысы. –№1, 2014.-11-14-бб.
3. Абдыгаппарова С.Б. Основы кредитной системы обучения в Казахстане / С.Б. Абдыгаппарова, Г.К. Ахметова, С.Р. Ибатуллин, А.А. Кусаинов и др.; под ред. Ж.А. Кулекеева и др. - Алматы: Казак университети, 2004. - 198 с.
4. Государственный образовательный стандарт высшего профессионального образования. 550000-педагогическое направление, 550200-Физико–математическое образование. Профиль подготовки: ФИЗИКА, МАТЕМАТИКА, ИНФОРМАТИКА. Академическая степень: бакалавр. - Б., 2015
5. Закон Кыргызской Республики об образовании. г. Бишкек. 30 апреля 2003 года, № 92.
6. Мюллер В.К. Англо-русский словарь:53 000 слов. – 20-е изд., стереотип.-М.: Рус. Яз., 1985.–864с.